# Мезгил жана китепкана

*Сагынбаева М.*
*Каракульджинская централизованная библиотечная система*
*Кыргызстан*

Азыркы мезгилде айылдык китепканалар жөнүндө түшүнүк жана алардын маалымат, билим берүү мейкиндигинде милдеттери күндөн-күнгө өзгөрүп келүүдө.

Айыл жеринде китепканалар маалымат алуунун жападан жалгыз очогу десем жаңылышпайым.Айыл тургундарынын, айрыкча жаш муундардын билимге, идеяларга, маданиятка, маалыматтарга эркин жана чектелбеген фундаменталдуу укугун ишке ашырууда айылдык китепканалардын ролу абдан чоң.

Кара Кулжа райондук борборлоштурулган китепкана тармагында 27 китепкана иштейт, анын бирөө райондук борбордук китепкана, бирөө балдар китепканасы, 25 айылдык китепканалар. Алардын маалымат ресурсу 218 миңден ашуун нуска, жыл ичинде 21200 пайдалануучуларга ар кандай тематикада маалыматтар берилип, аларды 37 китепкана кызматкерлери тейлейт.

Мен төмөндө биздин РБКТта аткарылып жаткан ар кандай маданий-массалык иштерди саймедиреп санагым келбейт, тек.гана мезгил талабына ылайык аракет жасап, ошол аракеттин натыйжасында жергиликтүү бийликтин ишенимине кирип, аларга китепкананын карапайым калк үчүн, анын ичинде өсүп келе жаткан жаш муундар үчүн керек экендигин далилдегеним жөнүндө айткым келет.

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап, финансылык кыйынчылыктын негизинде деген себептер менен республика боюнча, анын ичинде биздин райондо айылдык китепканалар ырайымсыздык кыскартууга туш болушту, атап айтсам, 30 айылдык китепканадан 16 айылдык китепкана гана калып, анын да алтоо жарым штаттык бирдикте иштеген.

Биздин республикада китепканаларга болгон мурунку бийликтин мамилесинен 12-15 жыл бир да жаңы китеп менен толукталбаган, газета-журнал албаган элет жериндеги китепканалар калктын суроо-талабын аткара албай калды.Ошол себептен айыл жеринде мектеп окуучуларынын китеп окууга кызыгуусу төмөндөдү, себеби окуй турган китеп жок, китеп окубаган окуучунун билим сапаты начарлады, мектепке барбаган тентек балдар пайда болду, элдин жан дүйнөсү жакырланды.Ошентип, айылдык китепканалар коомдун өнүгүүсүнөн артта калды, анткени азыркы талап: окурманга китепканада бар маалыматты бербестен, алар талап кылган маалыматты берүү керек.

Бирок, ошого карабастан Кара Кулжа РБКТтын китепкана кызматкерлери колдо болгон маалымат ресурстарды көздүн карегиндей сактоо менен, ар кандай өкмөттүк эмес уюмдардын колдоосунда иштеп келдик.

Акыры райондук борбордук китепкананын үзгүлтүксүз аракеттенүүсүнүн

натыйжасында райондук мамлекеттик администрация жана райондогу айыл өкмөттөр китепкана 21-кылымда калк менен бийликтин ортосунда маалымат борбору болуусу керек экендигин, ал үчүн китепканалардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, китеп фондусун жаңы адабияттар, газета-журналдар менен толуктоо керек экендигин түшүнүп, алгачкы кадамдар башталды:

- кыскарган айылдык китепканалар кайра ачылып, азыркы мезгилде алардын саны 16дан 25ке жетти.

- 1989-жылдан бери бүтпөй калган, тонолуп кеткен 2 кабат райондук китепкананын имараты марафондордун жана АРИС программасынын колдоосунда (жалпы чыгымы 1 млн.800 миң сом) бүткөрүлүп, 2005-жылы пайдаланууга берилди.

- 2 айылдык китепканага жаңы имараттар курулуп, пайдланаууга берилди: Кызыл Жар өкмөтүнүн X» 16 Кызыл Жар, Чалма айыл өкмөтүнүн № 22 Буйга китепканалары.

- 4 айыл өкмөттө китепканалардын имараттары капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

Райондук китепкананын имаратын бүткөрүүгө зор салымдарын кошкон райондун мурдагы акими Тажибаев Рашит Миңбаевичке, Бишкекте жана башка Кыргызстандын бардык аймагында жашап, иштеп жаткан Кара Кулжалык атуулдарга, райондун коомчулугуна терең ыраазычылык билдирем. Касиетүү Кара Кулжанын атуулдары китепти сыйлаган, жан дүйнөсү бай атуулдар экендигин дагы бир жолу айгинелешти. Ошол себептен кичинекей районубуздан Социалисттик Эмгектин 2 Баатыры, Кыргыз Республикасынын 1 Баатыры, илимдин 13 доктору, илимдин 42 кандидаты КР Эл мугалими, 27 КР эмгек сиңирген кызматкерлери, Соороңбай Жусуев баш болгон ондогон акын жазуучулар, Рыспай Абдыкадыровдун жолун жолдогон нечендеген обончулар чыккан.

Биз да мындай мезгилде мамлекеттик бюджетти эле карап олтурбастан эл аралык жана республикалык уюмдарга долбоор жазып, андан 4 долбоор (жалпы суммасы 9 миң АКШ доллары жана 750 миң сомдук) колдоого алынып, ишке ашырылды.

1. "Мектептердин жана китепканалардын ролун жогорулатууда америкалыктардын иш тажрыйбаларын колдонуу". Окутуучу семинар-тренинг, суммасы 1000 АКШ доллары (Айрекс-2004-жыл)

2. "Кара Кулжа айылында кенже балдар үчүн атайын окуу залы жана жомоктор бөлмөсүн уюштуруу". Суммасы 3000 АКШ доллары (Айрекс-2005-жыл). Бул долбоор 2005-жылы "Жылдын мыкты долбоору" деп табылып, АКШнын Кыргызстандагы элчилигинин сертификатын алууга татыктуу болду.

3. 2006-жылы АБРдын "Жамаатардын деңгээлинде кенже курактагы балдарды өнүктүрүү" программасынан 5000 АКШ доллары суммасында грант утуп алып, ишке ашырылды, Бул долбоор жогорудагы долбоордун уландысы катарында ишке ашты. "Кенже балдар үчүн окуу залы жана жомоктор бөлмөсүнө" жалпы эки долбоордун алкагында 942 нуска 95729 сомдук жаңы китептерДО наамдагы газета-журналдар, 168388 сомдук 20 стол, 40 стул, 8

китеп шкафыД түстүү телевизорД ДВД, 1 видеомагнитофон, 40 даана жомок кассет, дискилер, 25 м.кв. жалюзи, 3 килем, 2 люстра алынды, терезелерге темир тосмолор коюлду, 8000 миң сомдук көркөм жасалгалоо иштери жүргүзүлдү.

4. 2008-жылы КР Финансы министрлигинин алдындагы экономиканы мамлекеттик өнүктүрүү фонду тарабынан 750 миң сомдук долбоор колдоого алынып, 1-траншы ишке ашырылды:

- райондук китепкананын окуу залдары үчүн 40 стол, 92 стул, 8 китеп шкафы, 8 бир тумбалуу стол, 2 китеп берүү кафедрасы алынды, китепкананын айланасы темир тосмолор менен тосулуп, көрктөндүрүлдү, жалпы суммасы 435 миң сомдук иштер аткарылды.

- 2-транштын алкагында райондук китепканага заманбап жылуулук системасы орнотулат.

Жергиликтүү бийликтин китепканаларга көңүл буруусу жана долбоорлордун ишке ашырылышы шарты катаал, тоолуу райондо жайгашкан биз үчүн чоң жеңиш. Жогорудагы төрт долбоорду өзүм жазып, менин жетекчилигимде ишке ашырылды.

Китепканаларга мамлекеттик камкордук 2005-жылдан кийин башталды десем жаңылышпайым. Анткени:

- КР маданият жана маалымат министрлиги тарабынан айылдык китепканаларга 75 миң сомдук кыргыз тилинде китептер таркатылды.

- 2008-жылы китепкана кызматкерлеринин 1-форуму өткөрүлдү.

- 2008-жылдын 18 -июнундагы КР Өкмөтүнүн № 308 токтомуна ылайык тарыкта биринчи жолу " 27-май Кыргыз Республикасынын китепкана кызматкерлеринин күнү" болуп белгиленип, ал 2009-жылы биринчи жолу шаңдуу майрамдык маанайда өткөрүлдү.

- 2009-2012-жылдары китепканаларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы иштелип жатат.

- Мамлекеттик бюджеттен да бир топ каражаттар карала баштады. Атап айтсам райондук китепканага 2008-жылы ремонтоо Жана ар түрдүү чыгымдар статьяларына 200 миң сом каралгандыгы айгине.

Ошол эле мезгилде Кара Кулжа райондук борборлоштурулган китепкана тармагынын кызматкерлери китеп адамзаттын рухий дөөлөтүнүн түгөнбөс казынасы, ал укумдан тукумга уланып келе жаткан жан дүйнө азыгы, китеп кудурети, чыныгы адабият бул адамдарды жан дүйнөсү аркылуу бириктире турган улуу күч, бардык билимдин соолубас башаты, куурабас тамыры, өчпөс өзөгү экендигин түшүнүү менен окурмандарды талап кылган маалымат менен камсыз кылуу максатты көздөп иштеп, төмөндөгүдөй ийгиликтерге жетише алдык:

2000-жылы "Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган" кароо-сынакта биринчи орунга ээ болдук.

2002, 2005-жылдары Ош облустук мамлекеттик администрация тарабынан уюштурулган "Китеп-билим булагы" кароо -сынактарда экинчи орундарга татыктуу болдук

2007-жылы Ош облустук мамлекеттик администрация тарабынан

өткөрүлгөн "Жылдын мыкты балдар китепканасы" аттуу кароо-сынакта Гран Прини утуп алууга жетиштик.

Мына ушул жогорудагы аткарылган иштер менин 30 жылдык директор болуп иштеген мезгилдеги аракетим, эмгегимдин үзүрү, райондун коомчулугу арасындагы кадыр-баркымдын баасы, Кыргызстандын китепкана тармагын өнүктүрүүгө кошкон үлүшүм, коллективимдин эмгеги. Эмгегим мамлекеттик деңгээлде бааланып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 22-майындагы № 250 Указына ылайык "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наамга татыктуу болдум. Мындай баа дагы дагы жаңы максаттарга, идеяларга жетелейт, эргүү берет. Мезгил учкан куш экендигин айгинелейт, а биз болсо андан калбоо үчүн бардык аракетибизди жасообуз зарыл.